УДК: 413. 11 413. 13

**Доктурбек кызы Гүлбайра**
И. Арабаев ат. КМУнун Кыргыз тили жана окутуунун технологиялары кафедрасынын магистранты
**Доктурбек кызы Гүлбайра**
Магистрантка кафедры кыргызского языко и технологии ее обучения КГУ им. И. Арабаева
**Dokturbek kyzy Gulbayra**
Master's student of the Department of the Kyrgyz language and technology of its teaching, KSU named after I. Arabaeva

# КЫРГЫЗ АРЕАЛДЫК ТОПОНИМИЯСЫ

# КИРГИЗСКАЯ АРЕАЛЬНАЯ ТОПОНИМИЯ

# THE AREAL PLACE NAMES IN KYRGYZSTAN

**Аннотация:** Тарыхтан белгилүү болгондой, кыргыз эли кылымдар бою көчмөн турмушту аркалап, ата-бабаларыбыздан калган мекенибизди, Кыргызстанды, жердеп келишкендигин далилдей турган эн бир туруктуу эстеликтер катары ареалдык топонимдер саналат. Ошондой эле 11-кылымдагы көрүнүктүү чыгыш таануучу өзүнүн алгачкы картасында ареалдык топонимдерди негиз катарында алып, өз мекени Барскоонду жана Ысык-Көлдү жер шарынын борбору катырында көрсөткөн. Анткени байыркы жер-суу аталыштары жана тоо кыркаларынын аталышы кыргыз элинин кылымдар бою басып өткөн жолун чагылдыруу менен бир катарда эле кыргыз лексикасынын негизин, б. а. ядролук фондун толуктап, кыргыз элинин менталдуулугу менен тыгыз байланыштуу экендиги шек туудурбайт. Жер-суу аталыштары, же болбосо топонимдер экстерриториалдык мүнөзгө ээ болуп, номинативдердин катарын түзө алат. Ошондуктан аталган макалада ареалдык топонимдердин тарыхый эволлюциясындагы концептуалдык негиз ар тараптан иликтенет.

**Аннотация:** Общеизвестно, киргизские племена с древних времен вели кочевой образ жизни. К тому же, выдающееся востоковед 11 столетия Махмуд Кашгари с удивительной точностью создал карту мира, в центре которой была нарисована его родина Барскон и Иссык-Куль. Также, местные географические названия, представляя собой, ядерную систему лексического фонда языковой структуры как таковой и тесно связаны с историческим формированием лингвистической ментальности носителя. Разумеется, географические названия, т. е. топонимы является экстерриториальными и древными номинативами в евразии. Следовательно в этой статьи анализируются, в первую очередь, диахронические основы ареальных топонимов киргизского языка.

**Annotation:** According prehistory, the early Kyrgyz tribes had been a nomadic life and inherited the territory that is now Kyrgyzstan from his ancient tribes. One luminary of the 11$^{th}$ century was the scholar Mahmud Kashgari. He drew a remarkably accurate map of the world his hometown, Barskon on Lake Issyk-Kul, at the center. In this article, the author argues that cognitive principal basic areal place names in linguistics, is the theoretical basis of expression place-name problems.

It shows a close relationship world-acceptance of human, cognition, worldview, stored in memory, as well as the inheritance in other mental side of place names with geographical location.

**Негизги сөздөр**: топоним, этимон, когнитив, концепт, этникалык маданият, психолингвистикалык, этникалык эс тутум.

**Ключевые слова**: топоним, ареал, этноним, лингвистический культурный аспект, психолингвистический, миропонимание, семантика.

**Keywords:** toponym, areal, etymon, cognitive, concept, ethnic culture, linguistically culture aspect, psycholinguistics, perception of the world, stored in the memory.

Кыргыз жергесинде жашаган элдердин ономастикасынын кыргыз топонимикасы менен болгон байланышы кыргыз элинин тарыхы, жалпы эле маданияты жана этностук калыптануу процесси менен да карым катышта десек жанылышпайбыз. VII-VIII кылымдардын чегинде түрк, иран жана араб окмуштуулары кыргыз жергесин жана лингвистикалык өзгөчөлүгүн системалуу түрдө окуп үйрөнүүнү башташкан. Булардын катарына Абу Исхак Ибрахим ибн Мухуммад ал-Истахри Китаб масалик ал-мамалик («Книга путей государств») Изз ад-Дин Абу-л-Хусайн Али ибн Мухаммад ибн ал-Асир жана Камал ад-Дин Абд ар-Раззак ибн Джалал ад-Дин Исхак Самаркандини кошууга болот [3]. Аталган окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде кыргыз элинин тарыхына ареалдык катыштын тийгизген таасири олуттуу социалдык этап катарында чагылдырылган. Бирок мындай тил илиминдеги маанилүү жагдай азыркы күнгө чейин изилденбесе да, өз актуалдуулугун жогото элек.

Этностун тарыхы анын тили менен тыгыз байланышта болот жана ажырагыс биримдикте өнүгөт. Белгилүү чыгыш таануучу Истахри түрк тилдери жана кыргыз маданияты тыгыз байланышта өнүккөн татаал кубулуш экендигин баса белгилеген. Албетте окумуштуунун пикиринде талаш жок. Анткени коомдун турмушундагы эн бир маанилүү этап ареалдык бирдиктер аркылуу гана тарыхтан ордун таба алат жана манифестацияланат.

Кыргыздар Борбордук жана Орто Азиядагы түпкүлүктүү жана байыркылардан болуп саналат. Ошондой эле кыргыз уруулары ар түрдүү элдер менен маданий-экономикалык алакада болуп, алардын тилдик маданиятын кабылдаган жана бир эле мезгилде башка тилде сүйлөгөн элдердин өнүгүүсүнө өз таасирин көрсөтө алган. Албетте түрк, араб жана иран тилинен кирген элменттерди жана топонимдерди бир гана ислам дини менен байланыштыруу бир жактуу гана кабылдоо болуп саналат. Анткени башка тилдерден кирген көп сандаган топонимдер кошуна жашаган элдердин өз ара карым катнашын, тилдик маданияттын камыр-жумур болуп бир тутумга айлануусун чагылдырат. Ошондуктан топонимдерди ареалдык алкакта окуп үйрөнүү, аны илимий жактан жеткиликтүү изилдөө кыргыз элинин өзүн өзү тааануусу, тарыхы жана кыргыз тилинин мыйзам ченемдүү өнүгүү тарыхындагы маанилүү этап болуп саналат. Тектеш, иран жана араб тилдеринен кирген топонимдер кыргыз тилдик чөйрөдө тыбыштык адаптацияны гана башынан өткөрүп тим болбостон, фонетикалык жактан калыптануусун улантат. Топонимдердин тыбыштык структурасындагы мыйзамдуу өзгөрүүлөр кыргыз тилинин фонетикалык ички мыйзамдарына карай ишке ашырылып, грамматикалык жактан калыптана баштайт. Мисалы үчүн иран жана араб тилдеринен кирген активдүү ***Ашпара//Ашмара, Арсланбап//Асланбап, Шахимардан//Шаймерден, Шакофтар//Шакаптар, Исфана//Ысманы, Шайитдөбө/Шейитдөбө*** ж. б. топонимдери тилдик чөйрөгө жана ареалдык өзгөчөлүккө жараша колдонулуп, түрдүү варианттарында жолугат. Мисалы, Кыргызстандын түштүк бөлүгүндө Чөкөдөбө, Жалал-Абад, Караван д. б. с. жолукса, түндүк тарында Машайык, Ташрабат, Саркамыш түрүндө арбын жолугат. Ал эми бул келтирилген топонимдерге архетип, б. а. этимон катарында келген заттык жана сапаттык маанидеги лексемалар азыркы

күнгө чейин ички формасын жоготпогон менен тыбыштык жактан олуттуу өзгөрүүлөргө учураган. Мындай фонетикалык өзгөрүүлөр же болбосо алмашуулар А.Н.Никонов, Э.М.Мурзаев [5] жана кыргыз тилчилеринин, кыргыз ономастикасынын негиздөөчүлөрүнүн бири Ш.Жапаров [4] тарабынан иликтенет. Ошондой эле артчыл ***x*** тыбышы боюнча профессор Т. Ахматовдун [1] пикирин да жетекчиликке алууга милдеттүүбүз. Мындай тыбыштык жактан болгон алгачкы, же болбосо сырткы өзгөрүүнү кийинчерээк Н.Жапаров өз изилдөөлөрүндө кыргыз тилине арткы тандайчыл каткалан х тыбышынын кабыл алынбагандыгы менен түшүндүрөт. Ошондой эле изилдөөчүнүн оюу боюнча иран жана араб тилдерине мүнөздүү болгон х артчыл каткаланы кыргыз тили үчүн жат фонетикалык көрүнүш болуп саналгандыктан, кала берсе сөз курамынын бардык позицияларында же синкопага учурайт, же болбосо башка тыбышка өткөрүлүп айтылат деп белгилеген. Бирок изилдөөчү топонимдерге гана эмес, гидронимдерге да кайрылган. Мисалы үчүн ***шаар < шахар, мээр < мехр, каар < кахар, баар < бахор*** ж.б. Маданияттын байланышын жана элдин турмушундагы агартууга, илим билимге жана жаңылануга болгон алгачкы саамалыктарды чагылдыруучу топонимдердин катары кыргыз элинин лексикасынын байышына, терминологиясынын өнүгүшүнө зор салымын кошкон. Мисалы, мектеп, арип, мударис, молдо, дарбаз сыяктуу топонимдердин семантикалык системасы кыргыз элинин турмушундагы маданий өзгөрүүлөрдү чагылдырууга багытталган.

Ал эми ыйык деп аталган түшүнүктөр, жерлердин аттары семантикалык маанисин байытып, жер-суу аттарына да таратылган. Кыргыз эли жалан гана диний көз караштан жана түшүнүктөрдөн эмес, аталган объектилердин ыйыктыгынын урматына жана элдин улуттук сезиминде мааниге ээ боло тургандыгын белгилөө максатында да өз урпактарынакалтырышкан. Мисалы, ***Суухана, Мечит-Сай, Шейит, Зардубал, Мунара*** ж. б.

Топонимдер көбүн эсе ареалдын чегинде жайланышкан объектилердин, социалдык маанидеги түзүлүштөрдүн жана инсандардын эмгегин, жаштарга таалим болуучу асыл сапаттарын белгилөө максатын көздөгөн. Ошондой эле маданият, дин кызматкерлеринин эмгегин эскерүү максатында да кыргыздар ыйык тутушкан жерлерге төмөнкүдөй аттарды ыроолошкон. Мисалы, ***Маданият, Супра, Мурза-Патча, Акмолдо, Дервиш, Молдожан, Максым, Курама*** ж.б. Тилдердин карым катнашы тарыхый-экономикалык шарттын түзүлүшү жана бир ареалды жердеген калктын сандык жана сапаттык өсүүсү менен да коштолгон. Анткени шаарлардын пайда болуусу жана андагы инфраструктуранын издери азыргы күнгө чейин белгилүү. Ошондой эле географиялык жактан коммуникациялык ыңгайлуу абалды ээлеген ареалдык катыш ар дайым кызуу тарыхый окуялардын чордонунда болуп, илимпоздордун жана саякатчылардын кызыгууларын да арттырган.

Тан империясы менен Батыштын жана Орто Азияны жердеген элдердин социалдык-экономикалык карым катнашынын күчөшү менен ареалдык топонимиянын стратиграфиясы жана негизги ареалдык өзгөчөлүгү аныкталган. Башкача айтканда башка элдер менен кыргыз урууларынын тилдик алакасы жалпы региондун гүлдөп өнүгүүсүнө алып келген. Кыргыз тили жалан гана башка тилдүү элдер менен эмес бир чөлкөмдү жердеген уйгур, өзбек жана дунган сыяктуу чыгыш элдери менен карым катышта болуп алардын тилдерине олуттуу таасирин көрсөтө алган.

А.Н.Бернштам [2] ареалдык топонимия кыргыз элинин калыптануусундагы негизги борбордук чөлкөмдү түзгөндүгүнө токтолуп, Чоң Чүй каналын казуу мезгилинде табылган археологиялык буюмдардын калдыктарында (Кен-Кол), табылган эпитафиялык (Р.Каллаур) эстеликтердин текстине үндөш түрк тилдүү элдердин тили чагылдырылгандыгын жана түрктөрдүн (кыргыз урууларынын) согдулардын тилине жана алардын социалдык абалына

тийгизген таасири күчтүү экендигин белгилеген. Ошондой эле окумуштуу лингвистикалык ареалдын тарыхый жактан калыптануусуна да көңүл бурган. Биринчи кезекте белгилеп кете турган илимий табылга жана жагдай А.Н.Бернштамдын эмгектери лингвистикалык жактан изилденүүгө толук татыктуу. Анткени аталган окумуштуунун эмгектеринде ареалдык топонимиянын өтө бай системасы тыбыштык жана семантикалык жактан алгылыктуу чагылдырылган.

В.В.Бартольд [3] ареалдык топонимиянын тарыхый жана лингвистикалык жактан мүнөздөлүшүнө зор салым кошкон десек жаңылышпайбыз. Өз эмгегинде окумуштуу бир канча топонимдердин тилдик табиятына кеңири токтолгон.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Ахматов Т.К. Географические названия Таласской долины Киргизской ССР//Ономастика Киргизии. Ф., 1985, вып. 1, стр. 35-38.
2. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана II. Б., 1998. 704с.
3. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1996. 608с.
4. Жапаров Ш. Кыргыз диалектологиясы. Фрунзе 1982.62б.
5. Мурзаев Э.М. Апелятивы в топонимах средней Азии//Ономастика Средней Азии. Фрунзе,1980. 309с (198-211).


**Рецензент: филол.и.к., доцент Эргешбаева Н.А.**